УДК:94(5)

Шакитов Ш.
*Академик Ж.Алышбаев ат. Ысык-Көл кооперация институту*

# БААТЫРЛАР БАЯНЫНАН

*Макалада Советтер Союзунун Баатырларынын таржымалына убакыт өткөн сайын айрым тактоолор киргизилгендиги чагылдырылат. Антпесе, хронологиялык принциптер белгилүү өлчөмдө бузулуп, тарыхтын мазмуну бурмаланат, анын патриоттук ролу бөксөрүп калат. Жупуну эмгек ошондой фактыларды толуктоону эске алуу менен окурмандарга сунуш кылынат.*

1949-жылдын августу. 7-классты айылдан бүтүрүп, бир топ боз балдар Караколдогу педокуу жайына кирүүгө келдик. Алардын арасында Абдракунов Турсун, Жусаев Жолдош, Кабылов Сагынбай, Макаев Мукай, Сыдыгалиев Султан ж.б., бар эле.

Чолпонбай Түлөбердиевдин эрдиги жөнүндө кыргыз тилинен диктант уюштурганда М.Макаев (Ак-Суу районунун Бөрү-Баш айылынан) Волганы - Болга, Сталинградды Сталингад деп жазып, орой каталар кетириптир. Диктанттын жыйынтыгын угузганда туш-туштан жаалап: «Эми өлдүң, Мукай, сени бүгүн түрмөгө алып кетишет» дешип, балдар М.Макаевдин тынчын алышты. Анын кужуру келип курушуп, куйкасы жаман тырышып, балдар менен урушуп, партага жатып алып, ыйдан күчүн чыгаргандыгы күнү бүгүнкүдөй эсибизде.

Диктанттын мазмунунда: «Таластын төө өркөчтөнгөн суусунда чабак уруп көнгөн Чолпонбай үчүн Дондун тынч аккан суусу кеп болбой калды» сыяктуу сүйлөмдөр да жолуккан. Ошондон баштап, «Волга», «Дон», «Сталинград», «Чолпонбай» деген сөздөр жадыбызда жатталып, эсибизди ээлеп алган. Кийинки күндөрдө ары-бери поезд менен өткөн сайын, үстүнөн самолет менен учкан сайын Волга, Дондун кенендиги, узундугу, тереңдиги таң калдырчу.

Москвадагы А.Пушкин атындагы сүрөт-искусство музейинин ички тирөөчтөрүнүн ак мрамор менен капталган беттеринде Советтер Союзунун Баатырларынын ысымдары чегилип, алтын менен бууланган. Алардын тизмесинен Н.Ананьевди, Д.Асанов (баатыр 2009-жылдын 18-сентябрында дүйнөдөн кайтты), Ж.Асаналиевди, Т.Бегелдинов, И.Панфилов, Е.Паськону, Ч.Түлөбердиев, К. Үсөнбеков, Д.Шопоковдорду ж.б. жолуктурганыңда жүлүнүңө ток тийгенсип, жүрөгүң булкунуп, каның дүркүрөп кетет.

Сыйлык - жалкы, сыймык - жалпы деген ушундай болсо керек. Чыныгы баатырлар менен сыймыктануу эң назик, эң күчтүү сезимдердин бири - патриоттук сезимдерди козгойт; эли-жерин жандили менен сүйүп кызмат кылууга тарбиялайт; тарыхыңды байытат, дүйнө элдерине таанытат.

Чолпонбай жөнүндөгү маалыматтарыбыз мезгил өткөн сайын улам кеңий берди. Ал жөнүндөгү ырларды, китептерди окудук, сүрөттөрдү көрдүк. Эңсеп жүрүп, Таластагы анын скульптурасына да күбө болдук. Бул фактылардын баары улуттук сыймыктын үлгүлөрүнө кирет. Бирок, өкүнө турган жактарыбыз да жок эмес. Биринчиден, түркмөн композитору Ч.Нурымов Чолпонбай жөнүндө балет жазган. Ал чыгарма алигиче элибиздин калың катмарына жетелек. Аны мындай коё туралы - өзүбүздүн улуттук композиторлорубуздун Чолпонбай тууралуу чыгармалары да селпилдеген эстраданын ары жагында «байкалбай» калгандай түрү бар. Жагымдуу болсо, эстраданы ким танат? Бир айтканын миң айтып, кайталай берген обон адамды жадатат. Бул жанр менен гана улут өзүн толук даңктай албайт, ага салабаттуу балет, кантата, опера, оперетталар да зарыл. Экинчиден, эң чон, узак мезгилди кучагына алган өкүнүч - Ч.Түлөбердиев менен А.Матросовдун эрдиктеринин хронологиясында. А.Матросов 1943-жылдын 23-февралында Псков областынын Чернушка кыштагы үчүн салгылашта фашисттердин ДЗОТун өз денеси менен жаап, андан ок чыгарбай, советтик жоокерлердин чабуулга өтүшүнө мүмкүнчүлүк түзгөн. Бул эрдиги үчүн ошол эле жылы А.Матросовго (ал өлгөндон кийин) Советтер Союзунун Баатырынын наамы ыйгарылган. Ушул окуядан баштап, мындай эрдикти советтик жоокерлердин эки жүздөн ашыгы кайталашты дешип, газета-журналдар, радио гана эмес, илимий булактар да эч шекшинбей эле белгилеп келатышат. А.Матросовдун эрдигин да эч ким таналбайт. Ал дүйнөлүк тарыхтан өз ордун эбак алган. Кеп башкада. Жаратылыш жана коомдук кубулуштарда абсолюттук окшоштук, ошондой эле абсолюттук айырма да жок. Сыртынан окшош көрүнгөнү менен ички мазмунунда толуп жаткан айырмачылыктар байкалат. Ушул көз караштан алганда

«А.Матросовдун эрдигин кайталашкан» деген жыйынтыкка келүү - илимий жактан калпыстыкка жол берүү. Эрдик окшошконсуйт, бирок ал эч качан кайталабайт. Анткени, ар бир эрдиктин мезгили, шарты, максат, тактикасы, тажрыйбасы, толуп жаткан ж.б., факторлору бири-бирине окшобойт; анын субъектилери да башка: эркектер, аялдар; жашар, орто курактагылар; ар улуттун, диндин, региондордун өкүлдөрү; билим, саясий аң-сезим жагынан айырмаланышат. Эрдик көрсөткөндөр «мен да А.Матросовдун эрдигин кайталайм» дегендей психологиялык авалда болушту бекен?

Эгерде эрдик кайталанса, анда А.Матросов ж.б., Ч.Түлөбердиевдин эрдигин кайталашкан. Себеби, Чолпонбай өзүнүн эрдигин А.Матросовдон алты ай, он жети күн мурда - 1942-жылдын 6-августунда Воронеж областынын Селявный кыштагын ээлөөдө көрсткөн.

Мезгилден, болмуштан, турмуштан өткөн калыс, объективдүү эмне бар? Алар бара-бара бардык нерселерди өз-өз ордуна коёт, бирок өз учурунда ишке ашпай, каршылыкка учураган фактылар турмушта азбы? Эмне үчүн Чолпонбайдын эрдиги А.Матросовдуку менен алмашылып кетти? Себеби, ал кездердин талабы, саясаты ошондой болгон - андай эрдикти, сөзсүз түрдө, улуу элдин өкүлү жасап, ал башкаларга үлгү көрсөтүш керек эле. Ошондуктан, башка себептер менен бирге, Чолпонбайга Советтер Союзунун Баатыры наамын берүү күздөн жазга чейин атайы эле токтотулуп тургандай логикасы бар. Экинчиден, кийинки изилдөөлөр А.Матросов орус элинин эмес, башкырттардын баласы экиндигин көрсөттү.

«Ийгиликтин кечи жок» - тарыхый чындыктарды калыбына келтирүү - мезгилдин объективдүү талабы. Мындай маселеде улам жалтаңдай берүү эгемендүүлүккө шек келтирип койбосо экен.

2200 жылдык конкреттүү тарыхта элибизде эчендеген баатырлар чыккан. Эл тарабынан бааланган, алардын да классификациясы бар:

– арстан эпитеттүү – Шер, анын кайратында, чечкиндүүлүгүндө, эр жүрөктүүлүгүндө чек жок, коркуу дегенди билбейт, аны менен эсептешпейт;

– сынган колун мойнуна, бутун канжыгага байлап, согуш майданын байкабай, душман менен салгылаша Берген - Көкжал;

– согуш өнөрүн айла-амалдуу, эптүү, чебер, устаттык, шамдагайлык, машыккандык, ыкмалуулук менен колдонуп, душмандын арам ойлорун ыкчам таба билген – Илекор баатыр;

– жанында жолдошу жок, жылкы тийүүгө жалгыздап барган - Жеке батыр;

– башкаларды байкап туруп, согушка кирген – Ээрчиме баатыр;

– акылдашпай, ойлонбой эле душманга кол салган жана туткундалган – Опсуз баатыр;

– жарманын ысыгы менен жоого аттанган - Эселек баатыр;

– бир үйдүн, айылдын, жашаган жеринин чокчоңдогон «баатыры».

Чолпонбай бул баатырлардын кайсы тобуна кирет?

Ал - азыркы замандын Шери, Көкжалы, Илекор баатыры.

Коомдук турмуш өзгөргөндө баатырлардын баасы, наамы, формасы, мазмундары да кошо өзгөрөт, ал тар чөйрө менен чектелбейт: Советтер Союзунун Баатыры; Социалисттик эмгектин Баатыры; Баатыр-эне, Кыргызстандын-Баатыры.

Азыр да жер жайнаган баатырлар чыгышты: арак менен самаштын, алдым-жуттумдардын, ачкөздүктүн, эки жүздүүлүктүн, бийилик менен байлыктын «баатырлары». Армиядан качып, энесинин көйнөгүнө жашынган жаш «баатырлар» да аз эмес. «Бактысыз элдин баатыры көп» деп, маркум С.Жигитов ушундайларды да айткандай түрү бар… Баатырлар майдаланса, баатырдык миңдеп «кайталанат»; жоо жеңилгенден кийин баатырлар көбөт…

Киши башына бирден баатыр, бирден милиционер, бирден депутат, бирден чиновник туура келсе деле заманыбыз анча оңолбой, кылмыштуулук күч алганы да адамды кыйнайт.

Улуу жеңиштин кырк жылдыгына карата Караколдун «Жеңиш» багындагы мемориалдык комплекс шаардын коомчулугу тарабынан чоң салтанат менен орнотулган. Күндөрдүн биринде паркта чуркап жүрүп, Советтер Союзунун Баатыры Ж.Асаналиевдин эстелигинин жанына топтолгондорду алыстан байкап калдым. Ойума жамандык келип, эстеликке жакындадым. Көрсө, алар жакшы иш аткарууда экен - бюсттардын алдына баатырлардын ысымдардын чегип жүрүшптүр. Тизмедеги ысыккөлдүк баатырларды окуп, Ж.Асаналиев менен К.Үсөнбековго көзүм айрыкча кадалды. Анткени алар менен

туугандык жагыбыз бар: биринчиси - биздин айылдан (Ак-Суу району, Отуз-Уул айылы), экинчисинин аялы – Зинанын тайатасы Ыбрай менен менин Шаакүт атам уялаштар.

Жумаштын аты Джумага чейин чегилип, бир гана «р» тамгасы калыптыр. Асаналиевдин аты Джумар эмес, Жумаш десем, тигилер мага ынанбады - тизме партиянын обкому тарабынан бекитилген, биз бузалбайбыз дегенге барышты. Айла кеткенде үйгө учуп жетип, КСЭнин 1-томун көтөрүп келип, ЖАсаналиевди аларга көрсөттүм. Ушундай «кармашуудан» кийин ыйык ысым «Ш» тамгасы менен толукталып, Асаналиев бурмаланбаган өз атын кылымга сактап калган. «Кармашуулар» дагы уланды. Баатыр Е.Паськонун бюстунун алдына «1919-19» цифралары чегилип бүтүптүр.

– Эмне үчүн тирүү адамдын өлчү жылын тилейсиңер?

– Причем мы здесь, мы делаем то, что нам сказано.

Бул окуядан соң «19» сыр менен кайра бүтөлгөн. К.Үсөнбековдун эстелигинде да

«1921» ден кийин сызыкча (-) белгиси турду (КСЭде «1923»-ж деп берилген. Советтер Союзунун Баатыры К.Үсөнбеков 2003-жылдын 8-декабрында көз жумду. Эми өлгөн жылы анын эстилигине чегилбейт турат). Тирүү адамдын туулган жылы сызыкчасыз көрсөтүлөрүн обком билбейт беле? Бүткүл дүйнөгө атагы чыгып, бардык документтерде «Жумаш» делип белгиленгенди обком ошого чейин байкаган эмеспи?

Улуу Ата Мекендик согуштун тарыхы, ага катышкан адамдардын, өзгөчө Советтер Союзунун Баатырларынын тагдыры али толугу менен изилденип бүтелек. Бул маселени улам жаңыртып чече берүү бүгүнкүлөргө гана эмес, эртеңки муундарга да тиешелүү: баатырлар баяны кылыкымдап улана берет. Аталган проблемалар өтө актуалдуу, анткени Улуу жеңиштин жетимиш – жүз - миң жылдыктары да тарыхтын тактоолорун талап кылат. Мисалы, Ж.Асаналиевдин ысмы Ак-Суу районун Үч-Кайнар орто мектебине ыйгарылган. Бул жөнүндө Кыргызстандын улуттук энциклопедиясына (Бишкек, 2006) жазылбай калгандыгы өкүндүрөт. Баатырдын эстелиги Минск шаарына койулганда (2004) туугандарынан же өзү окуган мектебинен баруучуларды уюштурууну жетекчилердин эч кимиси эсине алышкан жок?! Баатырдын өмүрү кыска болгону менен даңкы узун – дүйнөгө тарады. Анын да намыс үчүн туулуп, намыс үчүн өлгөндүгүн дайыма эске алы жүрүү – тирүүлөрдүн ыйык милдети.

Адабияттар

1. Асаналиев Ж. КСЕ, Кыргызстандын улуттук энциклопедиясы, I т., 339 – б.
2. Матросов А. КСЕ, IV т., 199-б.
3. Пасько Е. КСЕ, IV т., 617-б.
4. Советтер Союзунун Баатыры. КСЕ, V т., 344-б.
5. Үсөнбеков К. КСЕ, IV т., 213-б.